УДК: 37

Алымбаева Б.Б.
*КББАнын педагогика жана кесиптик билим берүү лабораториясынын илимий кызматкери,*
Сабырова Э.С.
*К.Карасаев ат. БГУ*

# ЭТНОПЕДАГОГИКАЛЫК ИДЕЯЛАРДЫН НЕГИЗИНДЕ ҮЙ-БҮЛӨДӨ КЫЗДАРДЫ ТАРБИЯЛОО

*Руханий дөөлөттөрү бай жана бекем үй-бүлө бардык мезгилдерде бардык коомдордун бакыбаттыгынын пайдубалы катары каралган. Макалада этнопедагогикалык ойлордун негизинде кыздарды тарбиялоодо ата-эненин орду көрсөтүлдү. Коомго толук кандуу инсанды тарбиялоодо атанын да, эненин да аткарган иши кыз үчүн бирдей экендиги каралган. Өсүп келе жаткан муундардагы мыкты адамдык сапатты тарбиялоо жөнүндөгү ойду акыл-ойчулдар дайыма айтышкан. Авторлор кыздардын жашоо-тиричиликтеринин мүнөзү кандай гана өзгөрбөсүн, үй-бүлөлүк тарбия берүүдө, эреже катары, эл акылынан эленип чыккан үй-бүлөлүк осуяттарды карманары зарыл деп карашкан.*

***Негизги сөздөр:*** *этнопедагогика, педагогикалык ойлор, билим берүү, таалим-тарбия, үй-бүлө, коомдук статус, кыздарды тарбиялоо, адептик норма.*

*В данной статье рассматривается проблема семейного воспитания девочек на основе этнопедагогики. Авторы отмечают, что во все времена в любом обществе привитие нравственно-духовных ценностей на основе этнопедагогики подрастающему поколению являлось основополагающим фундаментом. Авторы считают, что воспитание девочек является основной задачей родителей, которая состоит в уважении семейных традиций, обычаев и нравов кыргызского народа.*

***Ключевые слова:*** *этнопедагогика, педагогические мысли, обучение, воспитание, семья, общественный статус, воспитание девочек, норма воспитанности.*

*At all tim, in any society inculcation of moral and spiritual values to the younger generation was a fundamental Foundation. It is shown that the pedagogy of the education of girls are the main task of parents. The article reflects that in conducting a full parenting role of the father and mother is the main principle. The authors focus in the education of girls the proper way of life, respect for the centuries-old heritage of the Kyrgyz people and the characteristic of the family traditions, customs and mores.*

***Key words:*** *pedagogy, pedagogical thought, education, upbringing, family, social status, education of girls, the provision of education.*

Коомдогу бардык окуу-тарбия берүүчү социалдык мекемелердин ичинен үй-бүлөнүн мааниси зор, анткени кыз баланын алгачкы өсүп-өнүгүүсү, калыптанышы, социалдык мамилени, байланышты, иш-аракеттерди өздөштүрүүсү үй-бүлөдөн башталат. Үй-бүлө кыздын инсандык, нравалык сапаттарын, жеке жөндөмдүүлүгүн өстүрүп, активдүүлүккө, аракетчилдикке, чыгармачылыкка тарбиялайт.

Кыз баланы тарбиялоо үй-бүлөдөн башталып, мектепке чейинки билим берүүчү уюмдарында улантылат.

Үй-бүлө куруп, бактылуу өмүр сүрүү, тукум улап, адамзаттын учугун улоо – бул ар бир адамдын башкы максаты. Демек, жарыкчылыкка келген ар бир кыздын келечеги үй-бүлө менен! Үй-бүлөсүз жашоо мүмкүн эмес! Анткени ар бир ымыркай үй-бүлөдө жаралып, үй-бүлөдө азыктанып, үй-бүлөдө чоңоюп жетилет. Бойго жеткен кыз үй-бүлөдөн турмушка чыгып, үй-бүлө курат. Турмуш мына ошентип, үй-бүлө менен улана берет [1].

Этнопедагогиканын баалуу мурастарына кайрылсак, ата-бабалар бизге бала тарбиялоонун көөнөргүс рухий–адептик эң сонун үлгүлөрүн калтырып кеткен экен. Мында бала төрөлгөн күндөн баштап эле тарбия иши энелердин энчисине берилген. Эне өз баласына жылуу мээримин төгүп, ийкемдүү көндүм адаттарга тарбиялаган. Эненин колунан тарбия көргөн кыздар чынчыл, сылык, кичипейил, элпек, боорукер жана камбыл болуп өскөн. Мындай кыздар үй-бүлөдө эненин ишенимдүү жардамчысы боло алышкан.

Эл ичинде кеңири колдонулуп келаткан кыз-келиндер актуалдуу темасы өзгөчө орунда турат. Коомдогу аялзатына карата болгон мамиледеги мындай көркөм мурас бекеринен жаралбаган. Анткени салттуу коомдо жашаган кыргыз элиндеги эң мыкты делген тамак-аш, буюм-тайым, кийим-кече, керек болсо, үй (боз үй) да аялзатынын колунан жаралган. Эркектин эшиктеги ишине караганда аялдын үйдөгү иши көп машакатты, фантазияны, акылды жана чыдамкайлыкты, билгичтикти жана тапкычтыкты талап кылган. Бул тажрыйбанын баары атайын профессионалдык билим алуу аркылуу эмес, карандай практикалык жол менен энеден кызына (муундан-муунга) өтүп келген. Ошондуктан үйдөгү жашоо ыңгайын жараткан аялзатына коомдо өзгөчө сын көз караш, талап жогору болгон.

Кыз бала төрөлгөн күндөн баштап анын коомдогу ордун, укугун жана милдетин билдирген тарбиялоонун атайын иштелген системасына түшкөн. «Кызга кырк үйдөн тыюу» макалынын мааниси айтып тургандай, кыз балага карата сый, аяр мамиле анын кыркка бөлүп өргөн беш көкүл чачына гана карата айтылбайт. Анын чоңоюп бой тартканда башка бирөөгө бүлө болуп, эл болуп кетип калышы, ата-эне, тууган-урук алдында анын аманат, убактылуу жашап турушу, бир чети, анын жакындары тарабынан аёону, боор ооруну жараткан. Ошол эле учурда аны тарбиялоого карата олуттуу мамиле кырк үйдөн айтылган тыюу менен өлчөнөт. Кыз барган жеринде ата-энесин, тууган-уругун уят кылбаш керек. Экинчи нерсе – күйөөгө чыга элек кыздар илгери чачын майдалап өрүп жүрүшкөн. Кыз бала өзүнүн кийген кийими, өргөн чачы менен келиндерден айырмаланган. Атасынын төрүндө отурган кыз «Жакшы кыз – жакадагы кундуз», «Гүл өссө – жердин көркү, кыз өссө – элдин көркү», «Кыздуу үйдө кыл жатпайт», “Кыз кылыгы менен жакшы, ийне учугу менен жакшы», «Кыздын сулуу болушу кудайдан, улуу болушу өзүнөн» сыяктуу эзелтен мыйзамга айланып калган эрежелерди сакташы керек.

Кыргыздар “Кыздын кырк чачы улуу» деп кыздарды сыйлап өзгөчө мамиле жасашкан, үйгө көрк берген гүлдөй тутуп аны назик асырап алышкан. Кыз өзүнүн эле үй-бүлөсүндө эмес, туугандарына, кошуналарына, бир көчөдө жашагандарга тегиз, түз, калыс, жылуу мамиле жасап, аларды сыйлап, ыйбаа кылып, улууларга адептүүлүгүн көрсөтүп, кичүүлөрүнө үлгү болуп өскөн. Эркек балдарга караганда кыздар эрте жетилип, сезимтал, чыйрак жана ар нерсеге дилгир болуп турмушка болгон көз карашы эрте артылат эмеспи. Ошондуктан аларды кичине кезинен тарта алына жараша үй-тиричилигине тиешелүү жасай ала турган иштерди карматып, казан-аякка, сайма саюуга, үйдү жыйнап-тазалаганга үйрөтүү керек. Кээ бир сезимтал кыздар кичине чагынан эле чоң кишилердин жумушуна аралашып, жардам бергиси келген учурлар болот. Ошондо “Сен отуруп турчу тоскоол болбой” дебестен, аларды иштерге аралаштырып көндүрө бериш керек.

Кыз балага тамак жасаганды, кир жууганды, уз-чеберчилик иштерин, мисалы, кийим тигүү, сайма саюу, курак куроо, дагы башка жумуштарды жасаганга акырындап үйрөтө берсе, ал кыз кийинки турмушуна даяр болот да, учуру келгенде көп кыйналбайт. “Кыздуу үйдө кыл жатпайт» деп кыргыздар айткандай, айрыкча, кыз балдарды тазалыкка көндүрүү, тазалыкта жүрүп, өзүнүн гигиенасына көңүл бөлүүнү калыпка салып көндүрүш керек [2].

Кыздарга ырыскыны таанып, аны сактаганды, сарамжалдуу болгонду, жоктукка, оордукка чыдамдуу болгонду, эркекти сыйлап, ага баш ийгенди, улууларга ийкемдүү болгонду, кечиримдүүлүктү, намыскөйлүктү башынан эле үйрөтүү сөзсүз керек. Бактылуу адам башканы да бактылуу кыла алат.

Кыз бала – бирөөнүн бүлөсү, ал – ата-энесинин үйүндө конок. Элдеги мына ушул психология ага этият, сый мамиленин болушун шарттаган. Ошол эле учурда кыз баланын барар жерине, турмуш-тиричиликке тың келин, жубай, эне болуусуна кичинекейинен кылдат даярдашкан.

Мунун баары кыз баланы жакшы жерге барып, орун-очок алып, болочок үй-бүлөсүндө бактылуу жашашы үчүн алдын ала көрүлгөн камкордук болуп саналат. Кызды бөпөлөп, ошол эле учурда эмгекчил, турмушка бүйрө кылып багып тарбиялоо, анан аны жакшы жерге узатуу ата-эненин гана эмес, бүтүндөй тууган-уруктун, уруунун, айылдын, элдин милдети болгон. Кыз баланын бой жетүүсү ушулардын көз алдында өткөн. Мындай

көздөрдүн көптүгү кыз баланы адептүү, ыймандуу болууга милдеттендирген. Дагы бир өзгөчө белгилей кетчү нерсе – кыз баланын асыл, жакшы сапаттары анын, ириде, эмгекчилдиги, турмушка бүйрөлүгү менен ченелген.

«Эне жакшы – кыз жакшы», «Энесин көрүп, кызын ал, эшигин көрүп, төрүнө өт», «Энеден тарбия башталат, эне тилден улут сакталат» деген макалдар кыз баланын адептүү тарбияланышында эненин орду бөтөнчө экенин айтып турат. Кыз бала энеге бир канча милдеттерди жүктөгөн. Кызынын келечеги, жакшы тагдыры, бактысы үчүн эне өзүн-өзү тарбиялаган. Эне: «Кызым чоңоюп келатат, эшигиме бирөө келгидей болсун», – деген. Эненин коомдогу орду, абийири, кадыры, дегеле, абалы анын кызынын тагдырын чечүүдө бирден-бир негиз болгон. Кызы эстүү чыкса, коомчулук, оболу, энесин мактаган, акылсыз болсо, энесине сөз тийген. Ошол эле учурда атанын абалы да кыз үчүн маанилүү болгон. «Мата даңкы менен бөз өтөт, ата даңкы менен кыз өтөт». Демек, атасы коомдо атак-даңкы бар, кадырлуу инсан болсо, ал кызынын тагдырына түздөн-түз таасир берген, тескерисинче болсо, залакасын тийгизген. «Арык атка туз бербе, акылсызга кыз бербе», «Кыздуу кыраң ашат» сыяктуу макал-ылакаптар кыз баланын турмушка аттануусунда ата-энесинин негизги милдетти өтөөрүн чагылдырып турат.

«Аял жакшы – эр жакшы», «Жакшы аял – капкалуу шаар», «Катыны жоктун – алтыны жок», «Үйдү кырк эркек толтура албайт, бир аял толтурат», «Үйдүн көркү аялда», «Биринчи байлык – ден соолук, экинчи байлык – ак жоолук». Бул макал-ылакаптардын негизги мааниси – аялзатынын үй-бүлөдөгү ролу бийик экенин көрсөтүү, үй-бүлөнү сактоо, турмушка тутка болуу, кыйынчылыкка чыдоо – аялзатына тагылган милдет. Аялдын үйдөгү толгон-токой түйшүгүн, үй-бүлөнү жашоо баалуулугуна айлантуусу, перзент дегенде ак эткенден так эткенин, күйөөсүн, кайын-журтун сыйлаган адебин бекеринен элдик ойлордо бакытка, байлыкка, алтынга теңебесе керек [3].

Азыркы жаштарыбыздын интеллектиси, маалыматтуулугу, кругозору өнүгүп, ал эми руханий-ыймандык жактан өнүгүүсү артта калып жатат. Аларда турмушка жана адамга карата “өзүмчүлдүк” мамиле күч алууда.

Ошол эле учурда аялзатынын үйдөн, үй-бүлөдөн алыстоосу, өзүнүн максаты үчүн күрөшүүсү, албетте, үйдөгү ыңгайсыздыкты жараткан, энесиз, аялсыз үй – үй эмес деп эсептелген. Кыскасы, аял бактысы үй-бүлөдө гана, андан тышкары аялзаты өзүн бактылуумун деп сезбейт.

“Чыккан кыз чийден тышкары”, “Буудайдын барар жери тегирмен, кыздын барар жери күйөө” дегендей, кыз бойго жеткенде турмуш курат, башка үй-бүлөгө келин болуп барат. Ал кандай үй-бүлө? Ал − жаңы үй-бүлө, башка чөйрө. Бул өтө орчундуу маселе. Ушунча көп түшүнбөгөн суроолор, ушунча көп кыйынчылыктар болот. Бирок ушул убакта адамга токтоолук керек, ойлонуп жооп берип, акырындан жаңы үй-бүлөң менен таанышып, көнүп, аралашып кеткенге аракет кылыш керек. “Эшигин көрүп төрүнө өт, энесин көрүп кызын ал” дегендей, энеси кызына кандай тарбия берсе, кызы ошондой болот. Кыздын ички мүнөзү, көз карашы, адамкерчилиги, эмгекчилдиги, чыдамдуулугу, адептүүлүгү, намыскөйлүгү – баары энесин тартат, же чоң энесин тартат. Демек, кыздын бактылуу болушуна, кийинки турмушка ыймандуу, эмгекчил, акыл-эстүү бүлө даярдап берүүгө эне милдеттүү. Туура тарбия, туура кеңешти кыз балага аба-суудай бериш керек. Кыз барган жерине батпай, тил табыша албай же оокат кылууга чыдабай ажырашып төркүнүнө келсе - бул ата-энесине кайгы тартуулаганы. Ошондуктан акылдуу энелер кызы качып келсе, кайра өзү жеткирип берген учурлар болгон. “Бардыңбы, эми чыда, бизди уят кылба. Күйөөңдү сыйла, кайын-журтуңду сыйла. Бизге арыз-муңуңду айтпа. Күйөөңдү жактырып бардыңбы, демек, ата-энесин сыйла” - деп, кызына акыл айтуу эненин мойнундагы парз.

Эгерде энеси кызын начар тарбиялап, анан дагы болушуп, куда-сөөгү менен жакшы-жаман айтышып, тирешип, ортодогу мамиле бузулса – анда ал эне кызын бактысыз кылчу эне. Башка үй-бүлөгө барганда ал үйдүн ээлерин сыйлап, барган үйүмө батайын, ошол үйдүн мүчөсү болоюн деп жакшы ниет менен ыйбаа кылып, токтоо, сабырдуу болушу керек. “Сабырдын түбү сары алтын” дегендей, чыдамдуу болгон киши жеңет. Андай жагы

да бар. Бирок баланы тарбиялоодо мындай карап отурсаң, кыргыздар абдан катуу көңүл бурган. Себеби эркек бала тушоосу кесилип, таканчыктап баскандан тарта басканга, атка минип, атка жүрүүгө үйрөткөн. Ал эми кыз баланы болсо кенедейинен тазалыкка, үйдө кыз балага тиешелүү бардык нерсени жасаганга үйрөтүп өстүргөн. Ошону менен бирге кыргыз кыздарын абдан эркин кармаган. “Кыргыздын кыздары жүк бурчунан чыккан эмес” деген сөз ошол мезгилде жүктүн бурчунда отуруп алып сайма сайып, ийик ийриген кезин гана айтса керек. Чындыгында, кыргыздын кыздары аттын кулагы менен тең ойногон эр жигиттерден кем калбай өскөн. Ушунун бардыгы тарбиядан.

Ал эми азыркы убакта кыздарга тарбия берүү өтө оор болууда. Эгерде бул маселеге обьективдүү карасак, коомубуз социалдык дифференциация болуп, эл бөлүнүп калды. Кээ бир колунда барлар кыздарына, алардын тарбиясына көбүрөөк көңүл буруп, бир нуктуу тарбия беришүүдө.

Бирок ошол эле учурда тарбияны кой, ата-энесин көрүүгө зар болгон кыздардын катмары дагы пайда болду. Булар − албетте, мигранттардын балдары. Тилекке каршы, кыздарын таене-таята, чоң эне, тууган уруктарынын колуна таштап, жумуш издеп сыртка чыгып кеткен ата-энелер көпчүлүктү түзөт. Кыз балага эң биринчи кезекте эненин тарбиясы зарыл. Ошондуктан кыз бала турмушка чыкканга чейин сөзсүз түрдө эненин көзөмөлүндө болуш керек.

Ошол ата-энелер сыртта жүрүп тапкан кичинекей акчасы баалуубу же баласынын келечеги баалуубу, ушул жагын кылдат ойлонушу керек. Азыр бизде статистика боюнча элдин 5-7% социалдык абалы жакшы, жардамга муктаж эместер болсо, калган 80% карапайым, жөнөкөй адамдар болуп саналат [4]. Ошондуктан көпчүлүктү жөнөкөй үй-бүлөлөрдүн балдары түзөт. Дал ушул катмар илгертен келе жаткан традициялык тарбиядан артта калып жатат. Капчыгы жука ата-энелер кыздарына кошумча билим бере албай, балдарынын курсагын тойгузушту гана ойлоп калды. Бирок кыз бала тарбиялоо анын курсагын тойгузуу менен гана чектелберин бардыгыбыз жакшы билебиз.

Жыйынтыктап айтканда, биз азыр тарбиянын бардык түрүнөн: эстетикалык дагы, маданий дагы, патриоттук дагы, эмгекке тарбиялоодон, дене тарбиясынан өтө арттабыз. Ал эми билим менен тарбия бирдей болбосо, кыздарды кантип тарбиялайбыз. Ошондуктан мектептерге кайрадан тарбия завучтарына тарбия иштерин күчөтүү зарыл, ар бир сабактын окуу куралдарында тарбия компонентинин бар-жогун карап чыгышыбыз керек. Негизинен, мектептер тарбиянын борбору, очогу болушу керек. Мектептерде кружокторду ачып, ал жакка аксакалдардан өйдө алып келип, жаштар түштөн кийинби же кечиндеби, ошол жакка барып убактыларын пайдалуу өткөрүүгө шарт түзүп берүү зарыл [5].

**Адабияттар:**

1. Смадиярова З. А. Кыргызстан аялдарынын педагогика илиминдеги орду жана келечеги. – Бишкек, 2002.
2. Альбина В. И. Воспитание девочек. – М., 2011.
3. Акматалиев А. Каада-салт, үрп-адат, адамдын оң-терс сапаттары. -Б., 2002.
4. Этнопедагогика семьи: Ценностные аспекты /Под ред. А.А.Валеева, Р.А.Валеевой. – Казань, 2009.
5. Троцюк Т.С. Нравственное воспитание девочек-подростков в плане подготовки их к будущей семейной жизни: Дис. канд. пед. наук: 13.00.01. –Минск, 1990. – 183 с.
6. Хрипкова А.Г., Колесов Д.В. Девочка-подросток-девушка: Пособие для учителей. -М.: Просвещение, 1981. – 128 с.